Евразиялык Сактык Банкы

ААК «Евразиялык Сактык Банкы», 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ибраимов к., 40/1
ОАО «Евразийский Сберегательный Банк», 720021, Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Ибраимова, 40/1
OJSC «Eurasian Savings Bank», 40/1 Ibraimov str., Bishkek, Kyrgyz Republic
SWIFT code: KYRGKG22
Тел./ph.: +996 (312) 38 91 91, факс/fax: +996 (312) 38 92 09
e-mail: office@esb.kg I www.esb.kg

**“Евразия Сактык Банкы” ААК**
**Башкармасынын Чечими менен бекитилген**
**2026 жылдын “27”февралындагы №20 протокол**
**2026-жылдын “01” мартынан тартып күчүнө кирет**

# “Евразия Сактык Банкы” ААК унун жеке жактарды тейлөө келишими (Айкын оферта)

1. Жалпы ........ 2
2. Келишимде колдонула турган терминдер жана аныктамалар ........ 3
3. Жеке жактын банктык эсептерин ачуу жана тейлөө ........ 4
4. «Элкарт/VISA/MASTERCARD»банктык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө ........ 5
5. Интернет –Банкинг кызматын көрсөтүү ........ 9
6. Баалуулуктарды жеке банктык чөнөктөрдө ( сейфтерде) сактоо ........ 11
7. Бул келишимдин аракет мөөнөтү, аны бузуунун тартиби ........ 14
8. Тараптардын жоопкерчилиги ........ 15
9. Кабарлоолор жана кабарландыруулар ........ 16
10. Форс –мажор ........ 17
11. Талаш-тартыштарды чечүүнүн тартиби ........ 17

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 398 –беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык https://www.esb.kg/ дареги менен жарыяланган бул оферта айкын болуп эсептелет жана “Евразия Сактык Банкы” ААКунун (мындан ары –Банк) бардык укук-жана аракет жөндөмдүү жеке жактын дарегине шарттары ушул офертада камтылган жеке жактарды банктык тейлөөгө келишимди (мындан ары -Келишим) түзүүгө сунушу болуп эсептелет.

1.2. Талаптагыдай түрдө толтурулган жана Кардар тарабынан кол коюлган банктык тейлөөгө арыз жыйындысында кардар менен “Евразия Сактык Банкы” ААКунун ортосунда түзүлгөн жеке жактарды банктык тейлөө жөнүндө Келишим - ушул Келишим менен каралган шарттарда айкын оферта (мындан ары- Келишим) болуп эсептелет жана тараптар аны акцепт катары тааныйт.

1.3. Шарттарды кабыл алуу менен Кардар төмөнкүлөрдү тастыктайт:

- Бул офертада жана Келишимде жазылган шарттар менен таанышкан жана алар менен толук макул болот жана аларды сактоого милдеттенет;
- Укук - жана аракет жөндөмдүүлүгүндө чектелген эмес, камкорчулукта жана көзөмөлчүлүктө,кепилчиликте, ошондой эле патронажда турбайт, ден соолугунун абалы боюнча өз укуктарын ишке ашыра алат жана коргой алат жана өз милдеттерин аткара алат, түзүлгөн Келишимдин маңызын жана аны түзүүнүн жагдайларын түшүнүүгө тоскоолдук кылуучу оорулардан жабыркабайт;
- Банкка берилүүчү бардык маалыматтардын аныктыгын, толуктугун жана актуалдуулугун кепилдейт.

1.4. Банк Кардардын өзүнөн талаптагыдай толтурулган банктык эсепти ачууга Арызды учурдан баштап жана (эгерде Банк тарабынан каралган болсо) Банк белгилеген формалар боюнча өзү толтурган кардардын Анкеталык идентификациялык маалыматтарын, Кардардын өздүгүн күбөлөндүргөн документти көрсөтүүсүндө жана Кардарды талаптагыдай текшерүүнүн жол-жобосун ийгиликтүү өтүүдө Келишим түзүлгөн болуп эсептелет.

1.5. Келишим Кардарга банктык тейлөөнү көрсөтүүнүн шарттарын жана тартибин аныктайт. Кардарды тейлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ички ченемдик документтерге (мындан ары- ИЧД) жана Келишимге ылайык ишке ашырылат. Тейлөөнүн алкактарында Кардарга кызматтардын төмөнкү түрлөрү көрсөтүлөт:

1) жеке жактын банктык эсептерин ачуу жана тейлөө;
2) банктык төлөм Карталарын чыгаруу жана тейлөө, банктык Карталардын эсептерин ачуу жана тейлөө (мындан ары- “Эсептердин карталары”);
3) жеке банктык чөнөктү (сейфти) ижарага берүү;
4) Интернет глобалдык тармагы (Интернет-банкинг) аркылуу Кардарга электрондук ыкма менен банктык кызматтарды көрсөтүү.

1.6. **Кардар милдеттенет:**

1.6.1. Банк көрсөтүүчү кызматтарды, Эсепти ишкердик ишмердикти ишке ашыруу максатында, ошондой эле кылмыштык ишмердикти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу ( изин жашыруу) максатында пайдаланбоого.

1.6.2. Идентификациялык (жекече) маалыматтардын, реквизиттердин жана идентификациялоо жана верификациялоо үчүн көрсөтө турган, кабарландырууларды жиберүү үчүн маалыматтар өзгөргөн учурларда бул жөнүндө Банкты өз убагында кабарландырууга.

1.6.3. Бул Келишимдин алкактарында Банк талап кылуучу жана суроочу маалыматтарды жана документтерди Банкка көрсөтүүгө;

1.6.4. Банктын талабы боюнча операцияны жүргүзүүнү негиздемени тастыктоо үчүн акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктоочу маалыматты жана документтерди көрсөтүүгө.

1.7. **Банк укуктуу:**

1.7.1. Келишим түзбөөгө, Кардарларга банктык Карталарды чыгарууну жана кайра чыгарууну ишке ашырбоого, Кардардын тапшырмаларын аткарууга кабыл албоого, эгер:

- Кардардын же операциянын кайсы-бир катышуучусунун маалыматтары аларга карата алардын кылмыштык жана экстремисттик ишмердикке , массалык кыргын салуучу куралды таркатууга, кылмыштык кирешелерди легалдаштыруу ( изин жашыруу) жана башка укукка каршы аракеттерге катышы бардыгы жөнүндө жеке жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын аракеттеги тизмелеринде көрсөтүлгөн болсо;

1.7.2. Кызматтардын курамын өзгөртүүгө жана аралыктан тейлөөнүн каналдары ( Интернет/Мобилдик –банкинг) кызматтарын көрсөтүүгө чектөөлөрдү белгилөөгө;

1.7.3. Келишимге жана Эрежелерге Банктын маалыматтык такталарында жана https://www.esb.kg/ расмий сайтында бул маалыматтарды жайгаштыруу менен бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүүгө. Келишимдин өзгөрүүсү менен Кардар макул болбогон учурда Кардар бул тууралуу Банк

белгилеген форма боюнча арыз берүү жолу менен кат жүзүндө Банкты кабарландырып, Келишимди бузууга укуктуу. Келишимдин жаңы шарттары күчүнө киргенге чейин Банк Келишимди бузуу жөнүндө кат жүзүндөгү кабарландырууну албаган учурда, Банк Келишимдин өзгөрүүсүнө Кардардын макулдугу берилген катары эсептейт.

1.7.4. Кардар тарабынан ушул Келишимдин шарттарын аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда ушул Келишимди аткаруудан бир тараптуу баш тартууга.

1.7.5. Үчүнчү жактарга (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына, финансылык чалгын органына, сотко, ыйгарым укуктуу салык органына, насыялык бюрого, мураскорлорго ( Кардардын укук улантуучуларына) Кардар жана анын операциялары жөнүндө маалыматты ушул Келишим, Кардар менен түзүлгөн башка Келишимдер жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган учурларда жана тартипте берүүгө.

1.8. Банк көрсөтүлгөн өзгөртүүлөрдү , Тарифтерди аракетке киргизүүдөн 3 күн мурда Кардарды маалыматтык такталарында жана https://www.esb.kg/ расмий сайтында маалыматтарды жайгаштыруу жолу менен; келишимдерди, эрежелерди, кардарларды тейлөөнүн тартибин, Банктын иштөө графигин кошо жана кардарлардын документтерин кабыл алуунун жана текшерүүнүн шарттарын 10 жумуш күнүнөн кеч эмес маалымдоого милдеттенет;

1.9. Келишимге кол койгонго чейин Кардар Келишимдин долбоору жана ага тиркелген бардык документтери менен 3 күн ичинде таанышууга укуктуу.

1.10. Банк менен Келишим түзгөн Кардар ушул Келишимде каралган бардык укуктарды жана милдеттенмелерди өзүнө алат.

1.11. Бул Келишим аны күчүн жоготту деп тапкан же Банктын https://www.esb.kg/ расмий сайтында жаңы Келишим жарыяланган учурга чейин аракетте болот.

1.12. Кардар төмөнкүлөрдү тастыктайт:

1.12.1. Арызга кол койгон учурга карата ал толугу менен ушул Келишимдин жоболору менен таанышып чыккан жана макул.

1.12.2. Көрсөтүлүүчү кызматтарга Банктын Тарифтери менен толук таанышкан жана аларды аткарууга жана расмий https://www.esb.kg/ сайтынан Банктын Тарифтеринин өзгөрүүлөрүн байкап турууга милдеттенет.

## 2. Келишимде колдонулуучу терминдер жана аныктамалар

2.1. Банк – “Евразия Сактык Банкы” ААКу.

2.2. **“Интернет-Банкинг” –** Интернет аркылуу Кардардын өзүнүн банктык эсептерин аралыктан башкаруусу. Интернет-банкингди колдонуу менен төлөөлөр Интернет тармагынын жалпыга жеткиликтүү каналдарын пайдалануу менен ишке ашырылат. Интернет-банкинг Банк тарабынан Кардарга банктык кызматтарды Интернет тармагы аркылуу көрсөтүүгө арналган.

2.3. **Мобилдик –Банкинг –** бул планшеттер, смартфондор жана башка мобилдик түзүлүштөрдүн жардамы менен адистештирилген тиркеме аркылуу банктык эсепти башкаруунун системасы. Мобилдик банк менен иштөө үчүн интернетке кошулуу талап кылынат.

2.4. **Авторлоштурулган код ( пароль)** - Пайдалануучунун Продуктылары боюнча маалыматты карап чыгуу жана ошондой эле төлөмдөрдү жана чегерүүлөрдү жана башка банктык операцияларды Интернет- Банкингде ишке ашыруу үчүн Пайдалануучунун киргизүүсү үчүн талап кылынган символдордун ырааттуулугу.

2.5. **Убактылуу пароль –** Пайдалануучу Паролду түзгөн учурга чейин Пайдалануучунун Интернет-Банкингге жеткиликтүүлүгү үчүн Банк генерациялаган символдордун ырааттуулугу.

2.6. **Баштапкы эсептин Келишими** – Банк менен Кардардын ортосунда түзүлгөн банктык эсептин келишими, ошонун негизинде Баштапкы эсеп ачылат жана ошондон ушул Макулдашуу боюнча көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдү банк чыгыштап турат.

2.7. **Банктын сайты** - https://www.esb.kg/ электрондук дареги боюнча жайгашкан Интернет тармагындагы Банктын маалыматтык порталы. Банктын сайты банктык продуктылар жана Банктын кызматтары, стандарттуу тарифтер жана Тарифтик план, Интернет- Банкингди пайдалануучуга жетектеме, жана ошондой эле Кардарга зарыл болгон башка маалыматты камтыйт.

2.8. **Логин –** Интернет –Банкингге жеткиликтүүлүк үчүн пайдаланылуучу Кардардын уникалдуу аты.

2.9. **Банктык операция** – Кардардын тескемеси боюнча Банк аткаруучу бардык операциялар.

2.10. **Кардарды аутентификациялоо** – авторлоштурулган маалыматтардын негизинде көрсөтүлгөн идентификатордун (ПИН-код, логин ж.б.) аныктыгын текшерүү жолу менен Кардардын аныктыгын белгилөө.

2.11. **Эсеп** – Банк менен Кардардын ортосунда түзүлгөн Келишимдин негизинде Кардарга ачылган бардык банктык эсеп.

2.12. **Тарифтер** – Банк белгилеген кызматтардын тизмеси жана кызматтар үчүн алынуучу сыйакылардын ( комиссиялардын) өлчөмү.

2.13. **Маалыматтык коопсуздук** – маалымат чөйрөсүндөгү коркунучтарга байланышкан коопсуздук.

2.14. **Жумуш күнү** – дем алыш жана Кыргыз Республикасында аракеттеги расмий майрам күндөрүнөн башка банктык операциялар жүргүзүлө турган убакыттын мезгили.
2.15. **Кепилдик төгүм** – жекече сейфти (чөнөктү) ижарага алууга келишимди түзүүдө келишимдин шарттарын талаптагыдай аткаруусу боюнча милдеттенмелерин камсыз кылуу катары Ижарачы төгө турган акча каражаты.

## 3. Жеке жактын банктык эсептерин ачуу жана тейлөө

3.1. Келишимдин алкактарында Кардар банктык эсепти (мындан ары -Эсеп) ачууга укугу бар, ал эми Банк Кардарды Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, жалпы кабыл алган банктык практика жана ушул Келишим белгилеген тартипте Кардардын Эсебинде турган акча каражаттарынын калдыгынын чектеринде банктык тейлөөнү ишке ашырат.
3.2. Кардар Банктык эсепти акча каражаттарын сактоо жана чогултуу, ошондой эле үчүнчү жактар менен ишкердик ишмердик менен жана /же андай иштерди ишке ашыруу менен байланышпаган төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө пайдаланат.
3.3. Акча каражаттарын Кардардын банктык эсебине накталай жана/же накталай эмес Кардардын өзү кандай болсо, өздүгүн аныктаган документтин болуу шартында жана анын салым боюнча эсеби жөнүндө зарыл болгон маалыматты көрсөтүүдө бардык үчүнчү жактар киргизе алышат.
3.4. **Кардар милдеттенет:**
3.4.1. Эсеп боюнча банктык операцияларды жүргүзүү үчүн Банкка өзүн күбөлөндүрүүчү документти (паспорт) көрсөтүүгө.
3.4.2. Банкка Эсеп боюнча банктык операцияларды ишке ашыргандыгы үчүн Банктын аракеттеги тарифтерине ылайык комиссияларды төлөп турууга.
3.4.3. Банктын талабы боюнча 3 банктык күндүн ичинде акча каражаттарынын келип чыгышын документалдуу тастыктаган булагын жана ошондой эле Кардардын ишмердигине тиешелүү жана анын ишке ашырып жаткан банктык операцияларына тиешелүү болгон Кыргыз Республикасынын кылмыштык жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу аракеттеги мыйзамдарынын талаптарына ылайык маалыматтарды жана документтерди көрсөтүүгө.
3.4.4. Банктын сурамы боюнча жеке жактын Анкетасын жаңылоого.
3.4.5. Акча каражаттарын «SWIFT», системасы боюнча Банкка банктар аралык валюталык төлөм тапшырмасын берүүдө төлөмдүн багытталышын англис тилинде жазууга. Англис тилин билбеген учурда Кардар Банкка англис тилине сөзмө-сөз которуу укугун калтырат жана төлөмдүн багытталышына карата котормо боюнча Банкка дооматы болбойт. Туура эмес туюнтуу жана /же төлөмдүн багытталышынын туура эмес котормосу үчүн чегерүү кайтарылганда, SWIFT» системасы боюнча бул чегерүүгө байланыштуу бардык чыгымдарды Кардар өзүнө алууга милдеттенет.
3.5. **Кардар укуктуу:**
3.5.1. Өзүнүн Эсебинде турган акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдары жана ушул Келишим менен белгиленген тартипте өз бетинче тескөөгө.
3.5.2. Банкка Эсепти жүргүзүү боюнча тапшырма берүүгө, сурамдарды жасоого, алардын талаптагыдай аткарылышын талап кылууга.
3.5.3. Эсептин абалу боюнча толук маалыматты алууга.
3.5.4. Банк менен толук эсептешүү шартында Келишимди бузууга.
3.5.5. Кыргыз Республикасынын аракеттеги жарандык мыйзамдарынын ченемдерине ылайык күбөлөндүрүлгөн ишеним кат боюнча үчүнчү жактарга Эсепти тескөөгө ишеним берүүгө.
3.6. **Банк милдеттенет:**
3.6.1. Эсептеги акча каражаттарынын сакталышын камсыз кылууга.
3.6.2. Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык Эсептин жашыруундугун, Эсеп боюнча банктык операциялардын, Кардар жөнүндө маалыматтардын жашыруундугун камсыз кылууга.
3.6.3. Эсеп боюнча банктык операцияларды Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына тыкыр ылайыктуулукта ишке ашырууга.
3.6.4. Кардардын пайдасына үчүнчү жактардан келип түшүүчү акча каражаттарын кабыл алууга, жана бул учурда Кардар ушул Келишимге кол коюп жатып, коммерциялык ишмердикке байланышпаган акча каражаттарын үчүнчү жактардан алууга өзүнүн макулдугун билдирет.
3.6.5. Кардардын макулдугусуз Банктын аракеттеги тарифтерине ылайык Эсеп боюнча банктык операцияларды ишке ашыруу үчүн комиссияны алууну жүргүзүүгө.
3.6.6. Ишеним катты жокко чыгаруу жөнүндө Кардардын тиешелүү кабарландыруусун алган учурдан тартып ишеним каттын негизинде Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүнү токтотууга. Кабарландырууну алган убактысы болуп Банктын кирүүнү каттаган штампындагы күн жана саат эсептелет.

3.7. Банк укуктуу:

3.7.1. Кардар тарабынан Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын талаптарын жана Эсеп боюнча банктык операцияларды ишке ашыруунун тартибин жана шарттарын регламенттөөчү ушул Келишимдин шарттарын бузгандыгын күбөлөндүргөн фактылардын орун алышында, анын ичинде Кардар Банктын кызматтарына төлөбөгөн учурда Эсеп боюнча банктык операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга.
3.7.2. Банктык эсепте 12 айдан көп убакыт каражаттардын жоктугунда, банктык эсепке каражаттардын түшүүсүнүн жана каражаттарды банктык эсептен берүүнүн жоктугунда, Кардарды ушул келишимди бузганга чейин 1 календарлык ай мурда алдын ала кат жүзүндө кабарландыруу /электрондук дарекке /смс кабарландыруу шартында ушул банктык Келишимди бузууга жана банктык эсепти жабууга.
3.7.3. Эсеп боюнча банктык операцияларды токтото турууга же бир тараптуу тартипте келишимди бузууга жана Эсепти жабууга:
3.7.3.1. ушул Келишимдин 3.4.3 п. каралган маалыматты суралган мөөнөттө Банкка бербеген учурда;
3.7.3.2. эгерде анык эмес документтер берилген болсо;
3.7.3.3. эгерде операцияларды жүргүзүү же Кардарды идентификациялоо боюнча талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон тиешелүү документтер көрсөтүлбөгөн болсо;
3.7.3.4. эгерде Кардарга же анын операциясына карата Кыргыз Республикасынын кылмыштык ишмердикти жана кылмыштык жол менен алынган кылмыштык кирешелерди легалдаштырууну (изин жашыруу) каржылоого каршы аракеттин маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарына ылайык алынган кылмыштык ишмердикке катышуусу жөнүндө маалыматтар болсо;
3.7.3.5. Кыргыз Республикасынын кылмыштык ишмердикти жана кылмыштык жол менен алынган кылмыштык кирешелерди легалдаштырууну (изин жашыруу) каржылоого каршы аракеттин маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарында каралган башка учурларда.
Бул учурда ушул келишимди бузуу аны бузганга чейин 1 календарлык ай мурда алдын ала кат жүзүндө кабарландыруу /электрондук дареке /смс кабарландыруу шартында ишке ашырылат.
3.7.4. Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында каралган учурларда, жана ошондой эле Банктын күнөөсү менен Кардардын Эсебине акча каражаттары жаңылыш киргизилген учурда, эсеп боюнча операцияларды аткаруу боюнча кызматтарына сыйакы жана башка Банк алдындагы милдеттемелери үчүн Кардардын Эсебинен акча каражаттарын акцептсиз тартипте алып коюууга.
3.7.5. Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарынын талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына Кардар жөнүндө маалыматты жана документтерди, Кардардын ишмердиги жана анын ишке ашырып жаткан банктык операциялары жөнүндө Кардардын макулдугусуз берүүгө.
3.7.6. Мындай өзгөртүүлөрдүн күчүнө киргенге чейин Кардарды 10 банктык күндөн кеч эмес мурда Банктагы ачык жарыялоо менен кабарландыргандан кийин бир тараптуу тартипте Банктын кызматтары үчүн комиссиянын өлчөмүн жана түрлөрүн өзгөртүүгө.
3.7.7. Жеке жактын Анкетасында көрсөтүлгөн маалыматтарды жаңыртуунун Кардардан талап кылууга.
3.7.8. Кардардан 3 банктык күндүн ичинде акча каражаттарынын келип чыгышын документалдуу тастыктаган булагын жана ошондой эле Кардардын ишмердигине тиешелүү жана анын ишке ашырып жаткан банктык операцияларына тиешелүү болгон Кыргыз Республикасынын кылмыштык жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу аракеттеги мыйзамдарынын талаптарына ылайык маалыматтарды жана документтерди көрсөтүүсүн талап кылууга.
3.7.9. Эсепти тескөө үчүн Банкка үчүнчү жак нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним катты көрсөткөн учурда Банк укуктуу:
- зарыл болгондо, анын ичинде, ишеним каттын аныктыгы күмөндөнүүнү пайда кылса, Кардарга, нотариуска кат жүзүндө сурамдарды жиберүү жолу менен ишеним катты берүү фактысын текшерүүгө же ишеним катты экспертизага жиберүүгө укуктуу;
- Кардар тарабынан ишеним катты берүү фактысын, ишеним каттын аныктаган тастыктоону алганга чейин Эсеп боюнча операцияларды жүргүзбөөгө жана токтото турууга;
- Кардар тарабынан ушул Келишимдин 3.4.5 п. талаптарын аткарбаган учурда Эсеп боюнча тескемелерди аткарбоого.

## 4. «Элкарт/VISA/MASTERCARD» банктык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө.

**Эсепти ачуу жана картаны чыгаруу.**

4.1. Ушул Келишимдин шарттарынын алкактарында Банк Кардардын арызынын негизинде «Элкарт/VISA/MASTERCARD» (мындан ары текст боюнча- Карта) банктык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөөгө, эсепти ачууга, аны эсептик тейлөөгө байланышкан кызматтарды көрсөтөт.

4.2. Банк берет, ал эми Кардар «Элкарт/VISA/MASTERCARD» Төлөм системасынын фирмалык логотиптери болгон бардык жерлерде Карталык операцияларды жүргүзүү үчүн колдонула турган Картаны колдонууга алат.

**Эсептин режими:**

4.3. Эсеп Кардардын арызынын негизинде Банк жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдары белгилеген тизмеге ылайык зарыл болгон документтерди көрсөтүү шартында ачылат.

4.4. Кардардын эсеби боюнча операциялар эсепте болгон акча каражаттарынын калдыгын чектеринде ишке ашырылат.

4.5. **Карталык операциялардын мониторинги жана Карталарды блоктоо**

4.5.1. Банк карталарга – Банктын карталарын кармоочуларынын эсептерине руксатсыз жеткиликтүүлүк коркунучун азайтуу максатында шектүү, алдамчылык жана/же мүнөздүү эмес карталык операциялардын мониторингин жүргүзөт.

4.5.2. Банк картаны кармоочунун карталык операцияны жүргүзүүгө катышуусун тактоо максатында мониторингдин натыйжалары боюнча картаны блоктой алат, жана ошондой эле:

4.5.2.1. картаны кармоочу тарабынан алдамчылыкка же картаны кармоочунун алдамчылык схемасына катышуусу боюнча шектелүүсүндө;

4.5.2.2. кылмыштык ишмердикти каржылоого жана мыйзамсыз кирешелерди легалдаштырууга (изин жашыруу) туура келген операцияларды жүргүзүүгө шектелүүдө.

4.5.2.3. картанын кармоочусунан дарегине социалдык тармактардын пайдалануучуларынын же топтордун катышуучуларынын терс пикирлеринин болушунда. Картаны/карт -эсептерди блоктоо Банк тарабынан бир тараптуу ишке ашырылат.

4.5.2.3.1. Карт-эсепке руксатсыз жеткиликтүүлүк боюнча картанын кармоочусунун кайрылуусунун аркасында блоктоо жана аткарылган операциялардын андан кийинки талаштары бардык жагдайларды аныктоого чейин блоктоонун андан аркы улантуусуна Банктын укугу менен 30 (отуз) календардлык күнгө чейинки мөөнөттө ишке ашырылышы мүмкүн.

4.5.3. Банк тарабынан карта боюнча көптөгөн ийгиликсиз авторлоштуруулар: 2 (эки) календарлык күн ичинде 5 (беш) же андан көп ийгиликсиз карталык операцияда, жабык жеткиликтүүлүктүн себебинде рекурренттик төлөмдөр боюнча жабык жеткиликтүүлүктүн аркасында жана/же акча каражаттарынын жетишсиздигинде жана/же карталык операцияга катышуусун тактоо үчүн картаны кармоочу менен байланыштын жоктугунда жана/же карт-эсепти толтуруунун жоктугунда жана /же куру жооп/картаны рекурренттик төлөмдөрдөн бошотуу ачылган учурда, Банк картаны стоп-баракка жайгаштырууга укуктуу болот.

4.6. **Картанын аракет мөөнөтү, Картаны пайдалануунун токтото туруу жана кыскартуу**

4.6.1. Картада анын аракетинин мөөнөтүнүн аяктоосунун күнү (айы жана жылы) көрсөтүлөт. Карта анда көрсөтүлгөн айдын жана жылдын акыркы күнүнүн аягына чейин иштейт. Бардык мөөнөтү бүткөн Карталар блоктолот жана Банкка тапшырууга жатат.

4.6.2. Банк пайда болгон талаш-тартыштуу кырдаалдарды жөнгө салганга чейин Картаны блоктоого укуктуу.

4.6.3. Картаны пайдалануудан баш тарткан учурда, Кармоочу тиешелүү кат жүзүндөгү арыз менен Банкка кайрылууга жана Картаны тапшырууга милдеттүү.

4.7. **Картаны алмаштыруу жана жаңысын чыгаруу**

4.7.1. Картаны алмаштыруу жана жоголгондун ордуна жаңы Картаны чыгаруу Картаны Кармоочусунун белгиленген тарифтер боюнча Банкка көрсөтүлгөн кат жүзүндөгү арызынын негизинде жүргүзүлөт.

4.7.2. Карта анын аракет мөөнөтү аяктагандан кийин, Карта зыянга учураганда, ПИН-код ачыкка чыгып калганда, Картанын Кармоочусу ПИН –кодду унутуп калганда, ошондой эле Картанын Кармоочусунун каалоосу менен алмаштырылат. Алмаштырылып жаткан Карта Банкка кайтарууга жатат.

4.8. **БАНК милдеттенет:**

4.8.1. Арыздын негизинде Бишкек ш. боюнча 5(беш) Банктык күн жана региондор үчүн 10 (он) күн ичинде Арызды алгандан кийин Картаны Кардарга же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кардар тарабынан берилген келишимдин негизинде анын ишенимдүү адамына берүүгө. Шашылыш даярдоо учурунда Арызды алган күндөн тартып Бишкек ш. боюнча 2(эки) Банктык күндө жана региондор үчүн 4(төрт) Банктык күндө берүүгө.

4.8.2. Картаны тейлөөнү ушул Келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын талаптарына, КР Улуттук банкынын (мындан ары-КРУБ) ченемдик укуктук актыларына жана ушул Келишимге ылайык камсыз кылууга.

4.8.3. Кардардын пайдасына түшүп жаткан акча каражаттарын талаптагыдай түрдө толтурулган төлөм документтеринин негизинде алган күндөн кийинки 1 (бир) Банктык күндөн кеч эмес эсепке кошууга.

4.8.4. Кардардын банктык эсеби боюнча, анын ичинде банктык эсепке жана/же Кардардын банктык

эсебине киргизүү жана чыгыштоо боюнча операцияларды ишке ашыруу боюнча тескемелерин аткарууга.

4.8.5. Операцияны жүргүзгөн же Кардардын сурамы келген учурдан тартып 5 (беш) жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө операцияларды жүргүзүүсүнө жараша кардарга банктык эсеп боюнча көчүрмөлөрдү жана аларга тиркемелерди берүүгө. Банктык жашыруундуктун режим тиешелүү болгон маалыматтыр Кардардын макулдугусуз Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган учурларда жана тартипте берилиши мүмкүн.

4.9. **Банк укуктуу:**

4.9.1. Кардардын ишмердигине тиешелүү болгон жана анын негизинде операция ишке ашырылып жаткан бардык маалыматты жана документтерди ( контракттардын, келишимдердин, макулдашуулардын ж.б. түп нускаларын, же талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн алардын көчүрмөлөрүн) сураганга.

4.9.2. Операцияларды/Кардардын акча каражаттарын КР мыйзамдарында ,банктык эрежелеринде каралган учурларда, эсепте каражаттардын жоктугунда, ошондой эле ушул Келишимдин шарттарын бузууда бир тараптуу тартипте токтотото турууга/тоңдурууга.

4.9.3. Эрежелерди жана көрсөтүлүп жаткан кызматтарга тарифтерди бир тараптуу өзгөртүүгө.

4.9.4. Кардардын макулдугусуз эсептен төмөнкү суммаларды чыгыштоого:

- Кардардын жүргүзүлгөн Карталык операциялары боюнча акча каражаттарын;
- аракеттеги Тарифтерге ылайык Банкка сыйакыларды төлөөгө акча каражаттарын;
- ушул Келишимден пайда болгон Кардардын Банктын алдындагы карызыны жабууга кеткен акча каражаттарын;
- эсепке жаңылыш киргизилген жана Кардарга тиешелүү болбогон акча каражаттарын.
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ушул Келишимдин шарттары менен каралган тартипте башка суммалар.

4.9.5. Төмөнкү учурларда Картаны андан кийинки жокко чыгаруу менен блоктоого жана Кардардан 3 (үч) банктык күндө картаны кайтарып берүүсүн талап кылууга:

- Кардардын ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбаган учурда;
- Кардардан Картаны жокко чыгарууга жана бул Келишимди бузууга Арыз келип түшкөндө;
- ушул Келишимди бузуу жөнүндө кабарландырууну алганда.
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана/же ушул Келишимдин Эрежелеринин талаптары менен каралган учурларда.

4.9.6. бул Келишимди Эрежелерде каралган учурларда, Кардарды банктык эсепти мерчемделип жаткан жабуудан 1 (бир) календарлык ай мурда алдын ала кабарландыруу шартында бир тараптуу бузууга.

4.9.7. эгерде 6 (алты) ай ичинде ал боюнча операциялар жүргүзүлбөгөн болсо, карт-эсепти жапканга чейин 1 (бир) календарлык ай мурда Кардарды кабарландыруу менен карт-эсепти жабууга. Бул учурда акча каражаттарынын калдыгы ички банктык эсепке киргизилет жана Кардар тарабынан талап кылына алат.

4.10. **КАРДАР милдеттенет:**

4.10.1. Банктык эсепке акча каражаттарын жаңылыш киргизүү учурунда, туура эмес жүргүзүлгөн операция боюнча Банкка кабарлоого. Банк тарабынан жаңылыш киргизилген сумманы чыгыштоо үчүн жетишерлик сумма Кардардын банктык эсебиндеги акча каражаттарынын болбоосунда, Банктын кабарландыруусун алган учурдан тартып 3 (үч) банктык күндөн кеч эмес жаңылыш киргизилген акча каражаттарын кайтарып берүүгө.

4.10.2. ПИН-кодду терүү менен же Кардардын колу менен күбөлөндүрүлгөн Картаны колдонуу менен ал жүргүзгөн бардык карталык операцияларды ишенимдүү жана анык катары таанууга.

4.10.3. Банктын аракеттеги Тарифтерине ылайык Банктын кызматтарына төлөөгө.

4.10.4. Картаны жоготкондо же уурдатканда картаны пайдалануу Эрежелеринде каралган тартипте Картаны блоктоону талап кылып оозеки же кат жүзүндөгү формада Банкка дароо кайрылууга.

4.10.5. Банк Кардардан Картаны толук блоктоонун зарылдыгы жөнүндө кат жүзүндөгү арызды алганга жана Кардар тиешелүү комиссияны төлөгөнгө чейин Картаны колдонуу менен аткарылган Операциялар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликтүү болууга.

4.10.6. Банктын сурамы менен Банк белгилеген мөөнөттөрдө Карта боюнча операцияларды кылмыштык ишмердикти каржылоого жана кылмыштык кирешелерди легалдаштырууга (изин жашыруу) каршы аракет кылуу боюнча мыйзамдардын талаптарына ылайык ишке ашырууга.

4.10.7. Кардардын жана (же) бенефициардык ээсинин анкеталарында көрсөтүлгөн маалыматтардын жаңыртылган учурунда маалыматтарды жана документтердин көчүрмөлөрүн дароо берүүгө.

4.10.8. ПФПД/ЛПД мыйзамдарына ылайык кирешелердин булагын тастыктоочу документтерди жана башка тиешелүү документтерди көрсөтүүгө.

4.10.9. Картанын сакталышын камсыз кылууга жана коддук сөздү, үч белгилүү текшерүүчү CVV2 кодун, Пин –кодду үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого зарыл болгон чараларды көрүүгө жана ПИН-код менен жана үч белгилүү текшерүүчү CVV2 коду менен  жана/же коддук сөз менен тастыкталган ( Картаны блоктоону жана блоктон чыгарууну кошуу менен) бардык операцияларга жоопкерчиликте болууга.
4.10.10. 5(беш) банктык күн ичинде Банкты Арызда же ушул келишимдин реквизиттеринде көрсөтүлгөн маалыматтардын өзгөрүүсү жөнүндө кат жүзүндө кабарландырууга.
4.10.11. Картаны үчүнчү жактарга бербөөгө. Картаны Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган учурлардан башка үчүнчү жактардын пайдалануусуна жол берилбейт.
4.10.12. Кардардын күнөөсү менен Карта боюнча пайдаланууга жана тиешелүү кызматтарды алууга байланышкан Банк тарткан чыгымдардын же соттук чыгымдардын Банкка ордун толтурууга.
4.11. **КАРДАР укуктуу:**
4.11.1. Бекитилген банктык эрежелерге ылайык өзүнүн эсебинде турган акча каражаттарын өз бетинче тескөөгө.
4.11.2. Эсептеги акча каражаттарынын калдыктарынын чектеринде Карталык операцияларды жүргүзүүгө.
4.11.3. ушул Келишим менен каралган тартипте Картаны блоктоо же блоктон чыгаруу жөнүндө кат жүзүндөгү арыз менен Банкка кайрылууга.
4.11.4. Арыз боюнча жеке  өзү же Кардар берген Ишеним каттын негизинде ыйгарым укуктуу жак аркылуу Банк аныктоочу шарттарда эсеп боюнча көчүрмөлөрдү алууга:
1) Бул жөнүндө Банкты  ушул Келишимдина аракетин токтотуунун болжолдонуп жаткан күнүнө карата 30 (отуз) календарлык күн мурда  кат менен кабарландарып ушул Келишимди бузууга.
2) Картаны жоготууда, уурдатууда жана/же руксатсыз колдонулганда, зыянга учуроосунда ПИН-кодун жоготкондо, магниттик тилкесинин күчүн жоготуусунда, чиптин зыянга учуроосунда же картанын реквизиттери өзгөрүлгөндө Картаны кайра чыгарууга арыз менен кайрылууга.

**Банктын жана кардардын жоопкерчилиги**

Бул Келишим боюнча  милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык жоопкерчиликте болушат.

4.12. **Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:**

- Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык банктык жашырын сырды ачыкка чыгаргандыгы үчүн .
- Банктын күнөөсү менен эсеп боюнча жаңылыш жүргүзгөн операцияга. Бул учурдагы Банктын жоопкерчилиги жаңылыш жүргүзүлгөн операцияны жокко чыгаруу менен чектелет.

4.13. **БАНК төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликте болбойт:**

- төлөмдөрдүн өтүүсүнүн мөөнөттөрүнүн бузулушу жана тапшырманы башка талаптагыдай эмес аткаруу, эгерде бул бузуу Кардардын төлөм документтерин толтуруудагы катасынын , ошондой эле Банктан көз каранды болбогон башка жагдайлардын аркасында жол берилген болсо;
- Картаны тейлөөдөгү үчүнчү тараптын баш тартуусуна;
- Картаны колдонуу менен сатып алынуучу товарлардын жана кызматтардын сапатына;
- Үчүнчү жак тарабынан белгиленген, Кардардын кызыкчылыктарына тийишүүсү мүмкүн болгон Карта боюнча лимиттерге, чектөөлөргө жана кошумча сыйакыларга (кызыкчылыктар);
- Жоголгон/уурдалган Картаны блоктоо талабы менен Кардардын Банкка өз убагында эмес кайрылуусунун кесепеттерине;
- Картаны колдонуу менен аткарылган операциялар боюнча кабыл алууну, иштеп чыгууну жана маалыматтарды жөнөтүүнү камсыз кылуучу системалардын ишиндеги токтоп калуулар менен байланышкан кырдаалдарга;
- Интернет аркылуу бардык операцияларды  жүргүзүүгө жеткиликтүүлүктүн мүмкүн болуучу терс кесепеттерине, анын ичинде, ал гана эмес: Интернет аркылуу Карта боюнча үчүнчү жактардын руксатсыз операцияларды жүргүзүү коркунучуна дагы;
- Картаны жогтууда, уурдатууда же башка мыйзамсыз колдонууда Картаны блоктоого чейинки жүргүзүлгөн операцияларга.
- Картаны блоктоо учурунан кийин эсептешүү кете бере турган Картаны блоктоо учуруна чейинки операциялар үчүн.

4.14. **КАРДАР төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:**

- жоготулган/уурдатылган  Картасын Блоктоо жөнүндө Банкка өз убагында эмес кайрылгандыгы;
- Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына жана ушул Келишимге ылайык  эсепке жаңылыш киргизилген акча каражаттарын Банкка кайтарып бербөөсү;
- Банктык комиссияларын эсепке алуу менен Руксат берилбеген төлөмдүн суммасында Кардардын Картасын колдонуу менен жүргүзүлгөн үчүнчү жактын руксатсыз төлөмүн;

- Эгерде Кардар Картаны өткөрүп берсе жана коддук сөздү, жана/же ПИН-кодду, жана/же үч белгилүү CVV2 текшерүү кодун үчүнчү жакка ачыкка чыгарып төлөмдү жүргүзүүдө;
- Аткарылган Карталык операциялар, анын ичинде Картаны, анын аналогун же реквизиттерин колдонуу менен үчүнчү жактар аткаргандар.
- Кардар тарабынан ушул келишимдин шарттарын бузууда;
- Интернет аркылуу бардык операцияларды өткөрүүгө жеткиликтүүлүктүн мүмкүн болуучу терс кесепеттерине, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен: Интернет аркылуу төлөм Картасы боюнча үчүнчү жактардын руксатсыз операцияларды жүргүзүү коркунучунда.
- эгерде Кардар Картанын сакталышы боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгынын же талаптагыдай эмес аткаргандыгынын кесепетинен коддук сөздү, жана/же ПИН-кодду, жана/же үч белгилүү CVV2 –(мындан ары- ПИН код жана/же CVV2 - “Картанын Реквизиттери”) ачыкка чыгаргандыгы жана жүргүзүлгөн операциянын аймагына карабастан үчүнчү жактардын картаны реквизиттерине жеткиликтүүлүккө жол бербөө үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды кабыл албагандыгы үчүн.
- үчүнчү жактарга картанын/карт-эсептин маалыматтарын, логиндерди жана картага-карт-эсепке жеткиликтүүлүктүн паролдорун берүү/сатуу, анын ичинде картаны/карт-эсепти колдонуу менен үчүнчү жактардын көрсөтмөсү менен жана алардын кызыкчылыгында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык укукка каршы аракеттерди жасоо максатында финансылык операцияларды ишке ашыргандыгы үчүн.

4.15. Банк жана Кардар милдеттенмелерин бир бөлүгүндө же толук аткарбагандыгы үчүн, эгерде ал жеңилгис күчтүн жагдайларынын кесепетинен: өрттөн, суу ташкындан, жер титирөөдөн, электр энергиясын берүүнү токтотуудан жана Банк менен кардардын контролунан тышкаркы башка жагдайлардан, техниканын иштебей калуусу, программалык камсыздоонун, электр камсыздоонун жана маалыматтарды берүүнү системасынын бузулушу, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдарынын Тараптарга карата чечимдерди токтомдорду, аныктамаларды кабыл алууда жана ошого байланыштуу ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди талаптагыдай түрдө жана мөөнөтүндө аткарууга мүмкүн болбосо, ушул Келишимдин милдеттенмелерин аткаруу үчүн ушундай жол менен тоскоолдуктар түзүлгөн Тарап ушул жагдайлардын таасирлерин начарлатуу үчүн колдон келген аракеттерди жасоо жана ушул Келишимдин шарттарын мүмкүн болушунча толугураак аткаруу үчүн бардык күчүн жумшоону улантуу шартында жоопкерчиликтен бошотулат.

## 5. Интернет-Банкинг кызматын көрсөтүү

5.1. Банк глобалдык Интернет тармагы аркылуу (Интернет /Мобилдик банкинг) аркылуу Кардарга аралыктан банктык тейлөөнү (мындан ары- АБТ) көрсөтөт.

5.2. Банк кардардын арызынын негизинде АБТнын инструменттерине каттоону/кошулууну ишке ашырат. Кардарды андан кийинки тейлөө АБТ инструменттеринин: Интернет-Банкинг/Мобилдик банкинг жардамы менен ишке ашырылат.

**Тартиби жана шарттары**

5.3. Банк тарабынан Кардардын электрондук документтерин кабыл алуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык толтурулган кагаз алып жүрүүчүдөгү документтерге юридикалык эквиваленттүү экендигин Кардар тааныйт. Кардар Банкка кагаз алып жүрүүчүдөгү документтер менен бирдей пайдаланууга укук берет. Бул учурда Кардар Банкка аткаруу үчүн жиберген электрондук документтердин мазмунуна толук жоопкерчиликтүү болот.

5.4. Интернет –банкинг /Мобилдик-Банкинг программалык камсыздоого руксатсыз кирүүгө жана колдонууга коопсуздукту сактоо үчүн Банк тарабынан Кардарды Пайдалануучунун паролу боюнча идентификациялоо ишке ашырылат.

5.5. **Кардардын Программалык камсыздоосуна зарыл болгон талаптар: Интернет- браузер: Google Chrome, Mozilla Firefox, Safari, Internet Explorer ж.б.**

5.6. Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг төмөнкү операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берет:

- Банктагы болгон: карталык, алыш-бериш эсептеринин абалын реалдуу убакыттын режиминде карап чыгууга;
- Тандалып алынган эсеп боюнча абалы жана кыймылы жөнүндө көчүрмөнү басууга жана/же электрондук дарекке жөнөтүүгө;
- Кардардын эсебинен төлөмдөрдү ишке ашырууга (клиринг/гросс, свифт төлөмдөр, салыктарды жана жыйымдарды, жазапулдарды төлөө, коммуналдык төлөмдөрдү төлөө);
- накталай эмес валюта менен конверсиялык операцияларды жүргүзүү;

5.7. Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг программалык камсыздоосунда көрсөтүлө турган кызматтардын тизмесин өзгөртүү жөнүндө кабарландыруу бул жөнүндө маалыматты тиешелүү жайгаштыруу аркылуу жана ушул кызматтарга иштеген Банктын Тарифтериндеги Банктын web-site.

5.8. Кардар үчүн Интернет –банкинг сутка бою жеткиликтүү, **бирок эсептерди 16.30 дан кийинки**

**төлөө кийинки операциялык күн менен жүргүзүлөт.**
5.9. Электрондук төлөм документин жөнөтүүнү жана/же алууну тастыктоо электрондук вариантта жүргүзүлгөн операциянын көчүрмөсүн чагылдыруу жолу менен Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг программасынын иштөөсүнүн алкактарында электрондук формада ишке ашырылат.
5.10. Интернет-банкинг системасына кирүүлөрдүн статистикасы боюнча маалымат жана Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасынын ичиндеги Кардардын жүргүзгөн операциялары автоматтык түрдө чагылдырылат жана Банктын системасында сакталат.
**Бул учурда кардар Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасында жүргүзүлгөн банктык операциялар юридикалык жактан түздөн-түз Банкта кагаз алып жүрүүчүдө аткарылган операцияларга барабар боло тургандыгын эстеп жүрүүсү керек.**
**Тараптардын укуктары жана милдеттери**
5.11. Өз ара укуктары жана милдеттери;
5.11.1. Ар бир тарап “Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг” системасында операцияларды жүргүзүүдө өз эсебинен өзүнүн техникалык жана программалык каражаттарын жумушчу абалда кармап турууга милдеттүү.
5.11.2. Тараптар үчүнчү жакка ( аракеттеги мыйзамдар менен каралган учурлардан тышкары) Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасына жеткиликтүүлүккө мүмкүндүк берүүчү программалык Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасында иштөөдө колдонулуучу программалык камсыздоону ишке ашырган маалыматты коргоонун ыкмаларын ачыкка чыгарбоого милдеттенишет.
5.12. **Кардар укуктуу:**
5.12.1. ушул Макулдашуунун 5.8п ылайык Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг АБТ инструменттери аркылуу Банк тарабынан бериле турган банктык операцияларды жүргүзүүгө.
5.12.2. ушул Макулдашуу боюнча милдеттенмелерин талаптагыдай аткаруусун Банктан талап кылууга;
5.12.3. Паролду алмаштыруу боюнча операцияны жүргүзүүгө;
5.12.4. Өзүнүн эсебинде турган акча каражаттарын жеке өзү же ал тарабынан ыйгарым укук берилген жактар аркылуу тескөөгө;
5.13. **Кардар милдеттүү:**
5.13.1. Өзүн авторлоштуруунун жеке параметрлери жөнүндө маалыматты: **пайдалануучунун аты (Логин), пароль** ачыкка чыгарбоого/башка жактарга бербөөгө. <u>Көрсөтүлгөн маалыматты башка жактарга берүү аныкталганда Банк Кардардын күнүмдүк катталуусун жокко чыгарууга укуктуу жана ал жүргүзгөн операцияларга жоопкерчиликтүү болбойт.</u>
5.13.2. Банк убактылуу паролду бергенден кийин өзүнүн кароосу боюнча,Интернет-банкинг сунуштаган коопсуздукту эске алуу менен паролду токтоосуз алмаштыруу керек, андан кийин паролду Кардардын эсебинин коопсуздугунун максатында мезгилдүү алмаштырып туруу зарыл ( 1095 күндүн чектеринде).
5.13.3. Интернет-банкинг системасын тейлөө үчүн төлөмдү ар бир айдын акыркы күнүндө Банктын аракеттеги тарифтерине ылайык жүргүзүүгө.
5.13.4. Төмөнкү учурларда Банкка токтоосуз кабарлоого:
- руксатсыз кирүүнү тапкан учурда, же Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг аркылуу Кардардын эсебине руксатсыз жеткиликтүүлүккө шектенүүдө;

5.13.5. Өзүнүн эсептеринин абалын айына бир жолудан кем эмес дайыма текшерип турууга. Эгерде Кардар анын эсебинен жүргүзүлгөн төлөмдөргө операцияны жүргүзүүдөн кийинки жумуш күнүнөн кеч эмес каршы болбосо, анда Кардар бардык чыгымдык операциялар менен макул жана анын эсебинен жүргүзүлгөн бардык төлөмдөр руксат берилген катары эсептелет.
5.13.6. Интернет-банкинг/Мобилдик-банкингди финансылык портал аркылуу бериле турган банктык кызматтардан пайдалануу үчүн гана колдонууга.
5.13.7. Ушул Келишимге тиркеме болуп эсептелген Пайдалануучунун жетектемесинин, ошондой эле Интернет-банкинг программалык камсыздоосунда жайгаштырылган талаптары менен таанышуу жана берилген шарттар менен толук ылайыктуулукта Интернет –банкинг системасын колдонууну ишке ашырууга.
5.13.8. Коопсуздуктун эрежелерин сактоого жана Интернет-банкингдин колдонуусунун Нускамасын аткарууга, жумуштун ар бир сеансынан кийин Интернет –банкинг системасы менен иштөөгө ачылган Интернет менен байланыштын бардык сесиияларын жабууну камсыз кылууга.
5.13.9. Өзгөртүүлөрдү өз убагында киргизүүгө жана Банктын кызматкерлерин контакттык маалымат өзгөргөн учурда кабарландырууга.
5.13.10. Төлөмдү жүргүзүүнүн зарылдыгында Банктын аракеттеги Тарифтерине ылайык төлөмдү жүргүзүү жана комиссиялык сыйакы үчүн акчанын жетишерлик суммасы менен камсыз кылууга.
5.14. **Банк укуктуу:**
5.14.1. Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасында тейлөө үчүн бул маалыматты Банктын

операциялык залында жана Банктын сайтында жайгаштыруу менен бир тараптуу тартипте банктык Тарифтерди өзгөртүүгө.

5.14.2. Банкта ачылган Кардардын бардык эсептеринен Интернет-Банкинг системасында операцияны жүргүзүү учурунда көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акцепттик эмес ( Кардардын макулдугу жок), ошондой эле Кардардын эсептерине акча каражаттарын жаңылыш киргизүү фактысы аныкталган учурда Банк алдында Кардардын бардык карыздарынын суммасын ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгилеген башка учурларда чыгыштоону жүргүзүүгө;

5.14.3. Кардардын аткарылып жаткан операциянын реквизиттерин толук эмес (туура эмес) көрсөтүүсүндө, аны аткаруунун мөөнөттөрүн бузуусунда, аткарылып жаткан операциянын Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына шайкеш келбегенде, ошондой эле операцияны аткаруу жана/же Банкка аткарып жаткан операция үчүн төлөмгө акча каражаттарынын жетишсиздигинде Кардарга Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасында операцияны жүргүзүүдөн баш тартууга;

5.14.4. Эгерде, Банктын пикири боюнча Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасын коопсуздук жол-жобосун бузуу же бузууга аракеттер болуп жаткан учурларда Кардардын жеткиликтүүлүгүн блоктоого.

5.14.5. Зарыл болгон учурда Кардардын Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасында жүргүзүлүп жаткан суткалык лимитин, жана операцияга бир жолку лимитин Кардарды алдын ала кабарландырбастан азайтууга.

5.14.6. “Операциялык күндүн/айдын жабылышы” жол-жобосун өткөрүү, программалык камсыздоонуалмаштыруу жана алдын алуу жумуштарын жүргүзүү үчүн Интернет-Банкинг системасынын ишин убактылуу токтотууну жүргүзүүгө.

5.14.7. Кардардын Банктагы эсебин (эсептерин) жапкан учурда Кардардын Интернет –банкинг системасына болгон жеткиликтүүлүгүн дароо жокко чыгарууга.

5.14.8. эгерде, Банктын пикири боюнча Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасындагы коопсуздукту камсыз кылуу үчүн зарыл болсо, ошондой эле Кардардын өзүнүн эсебине комиссиялык сыйакыны төлөө максатында акча каражаттарын өз убагында киргизбегенде Кардарды тиешелүү түрдө кабарландырбастан пайдалануучунун жеткиликтүүлүгүн убактылуу же толугу менен токтото турууга жана/же Интернет-банкинг аркылуу банктык кызматтарды тиешелүү берүүнү блоктоого.

5.15. **Банк милдеттүү:**

5.15.1. Кардарды Интернет-банкинг системасында ага эсептик жазууну (Логинди) жана убактылуу паролду ыйгаруу ыйгаруу менен катыйгаруу менен каттоодон өткөрүүгө.

5.15.2. Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасында тейлөөдө авторлоштурууну жана Кардардын аутенттүүлүгүнүпароль боюнча аутенттүүлүгүн камсыз кылууга.

5.15.3. Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасында камсыз кылынуучу кызматтардан пайданууда жеткиликтүүлүктү үзгүлтүккө учуратуучу жана тоскоолдук кылуучу жүргүзүлүп жаткан техникалык жумуштар жөнүндө кардарды кабардар кылууга.

5.15.4. Кардар тарабынан ушул Макулдашуунун жана Банк менен Кардардын ортосунда түзүлгөн башка макулдашуулардын шарттарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруусунда Кардардын электрондук документтерин аткарууга.

5.15.5. Банктын сайтында Кардарды тааныштыруу максатында пайдалануучунун Жетектемесин жайгаштырууга.

5.15.6. Маалыматты банктын сайтында, ошондой эле маалыматтык такталарда жайгаштыруу жолу менен көрсөтүлө турган кызматтардын Банктык Тарифтеринин өзгөрүүлөрү жөнүндө кабарлоого.

5.15.7. Кардарды үчүнчү жактарга алыстык/аралыктан тейлөө системаларын, алыстык/аралыктан тейлөө системаларына жеткиликтүүлүктүн логиндерин жана паролдорун, ошондой эле үчүнчү жактарга алыстык/аралыктан тейлөө системаларын, алыстык/аралыктан тейлөө системаларына жеткиликтүүлүктүн логиндерин жана паролдорун, ошондой эле алыстык/аралыктан тейлөө системаларынын үчүнчү жактарга өткөрүп берүү жана сатуу боюнча, анын ичинде үчүнчү жактардын көрсөтмөсү жана алардын кызыкчылыктары боюнча алыстык/аралыктан тейлөө системаларын колдонуу менен финансылык операцияларды ишке ашыруусу үчүн пайдалануучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилиги жөнүндө маалымдоого.

5.16. **Кызматтарга төлөөнүн тартиби.**

5.16.1. Кардарды Интернет-банкинг системасына кошуу үчүн, Кардар тарабынан Интернет-банкинг системасын пайдалануусу үчүн жана Интернет-банкинг системасы аркылуу операцияларды жүргүзүү үчүн Кардар Банкка тиешелүү операцияларды аткаруу учурундагы Тарифтик планга ылайык Банктык комиссиясын төлөп берет ( Банктын тиешелүү кызматтарын көрсөтүүсү үчүн),эгерде ушул Келишим, Интернет –Банкинг системасынын шарттары жана Тарифтик план менен башка каралбаган болсо.

## 6. Жекече банктын чөнөктөрдө (сейфтерде) баалуулуктарды сактоо

6.1. Кардар тарабынан өз колу менен кол койгон баалуулуктарды сактоо боюнча Арыздын

негизинде Банк Кардарга убактылуу пайдаланууга жекече банктык чөнөктү (мындан ары – сейф ) берет , ал эми Кардар Сейфти пайдаланууга жана ушул Келишим менен каралган шарттарда Банктын тарифтери менен каралган өлчөмдө жана тартипте Банкка төлөп турууга милдеттенет.

6.2. Сейф Банктын акча сактоочу жайы болбогон атайын кайтарылуучу, жабдылган жайында жайгашкан.

- Эгерде сейфте сакталып турган баалуулуктар менен Ижарачынын ишинин чөлкөмү видеобайкоонун чөлкөмүнө кире турган болсо, анда Ижарачы бул жөнүндө эскертилгендиги жана буга макулдугун өзүнүн арызында кол койуу менен күбөлөндүргөндүгү жөнүндө Банк белги жасайт.

6.3. **Сейфти пайдалануунун шарттары жана максаттуу мүнөзү**

6.3.1. Сейф жана Сейфтин ачкычы Банктын тарифтерине ылайык кепилдик төгүмдү жана ижара акысын төлөөдөн кийин берилет.

6.3.2. Сейф Кардарга акча каражаттарын, баалуу кагаздарды, кымбат баалуу металлдарды, таштарды жана андан жасалгаларды, башка баалуулуктарды, документтерди ж.б. (мындан ары текст боюнча –“ Сейфтин ичиндегилер”) сактоо үчүн берилет.

6.3.3. Ижарачы же Ижарачынын өкүлү Сактоочу жайга өздүгүн күбөлөндүргөн документти жана ишеним катты милдеттүү түрдө көрсөткөндөн кийин гана киргизилет.

6.3.4. Сейфке түздөн-түз жеткиликтүүлүк күн сайын кардарларды тейлөөнүн белгиленген режимине ылайык ишке ашырылат.

6.3.5. Сейфти төмөнкү предметтерди сактоо үчүн пайдаланууга тыйуу салынат:

- Жеңил от алуучу, токсикалык, радиоактивдүү жана адамдын организмине жана курчап турган чөйрөгө зыяндуу таасир берүүгө жөндөмдүү болгон башка заттар, тез бузулуучу жана мителердин таралышын пайда кылуучу азык продуктыларын жана башка предметтерди;
- Ок атуучу куралдардын бардык түрлөрүн жана алардын ок-дарыларын, миздүү куралды, жарылгыч заттарды (жардыруучу түзүлүштөрдү), анын ичинде жалпыны жок кылуучу куралды түзүүдө колдонулушу мүмкүн болгон илимий-техникалык технологияларды жана жабдууларды;
- Баңгилик жана психотроптук заттар, ошондой эле аларды пайдалануу үчүн колдонмолорду;
- Күчтүү аракет кылуучу ууларды;
- жана сактоого тыйуу салынган, жарандык жүгүртүүдөн алынып салынган же аларды мамлекеттик чек ара аркылуу ташып кирүүгө жана ташып чыгарууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тыйуу салынган башка заттарды.

6.4. **Төлөмдөр жана эсептешүүлөрдүн тартиби.**

6.4.1. Ижарачынын каалоосу боюнча Ижара акысы жана кепилдик төгүм накталай эмес тартипте же накталай акча каражаттары менен киргизилет.

6.4.2. Төлөө Кардар тарабынан Тараптардын ушул Келишимди түзүүсүнөн кийинки келе турган жумуш күнүнөн кеч эмес ай сайын же квартал/жарым жыл/бир жылга бирдиктүү төлөм менен жүргүзүлөт.

6.4.3. Төлөмдүн суммасы ушул Келишимдин аракетинин бүткүл мөөнөтүнө эсептелет жана Сейфти кардар тарабынан фактылык пайдалануусуна же пайдаланбоосуна көз каранды болбойт.

6.4.4. Кардар Банктын расмий сайтындагы Банктын тарифтеринде көрсөтүлгөн сумманы (мындан ары- Кепилдик төгүм) камсыздоо катары Банкта депонирлеши керек.

6.4.5. Кардардын Банк алдындагы бардык карыздар болуусунда же бардык укуктарда, же талаптарда Банк Кардарга карызды толук жапканга чейин Сейфке болгон жеткиликтүүлүктөн баш тартуусу мүмкүн.

6.4.6. Ижарачынын демилгеси менен Келишимди мөөнөтүнөн мурда бузууда алдын ала төлөнгөн ижара акысы кайтарылып берилбейт.

6.4.7. Ижарачы Банктын алдындагы карызын толук жапкандан жана ачкычты кайтарып бергенден кийин Кепилдик төгүм кайтарып берүүгө жатат.

6.4.8. Түзүлгөн Келишим боюнча Ижарачы тарабынан аны төлөөнүн милдети аткарылгандыгына байланыштуу ижара акысы жана кепилдик төгүмдүн суммасы Банк тарабынан Тарифтерди өзгөртүүсүнө карабастан, сейфти ижарага алуунун мөөнөтүнүн алкактарында өзгөртүүгө жатпайт.

6.4.9. Ижараны мөөнөтүн узартууда ижаранын кошумча мөөнөтүнө төлөө Кошумча Макулдашууну түзүү күнүнө карата аракеттеги тарифтерге ылайык ишке ашырылат.

6.4.10. Эгерде ушул Келишимдин аракет мезгилинде кепилдик төгүмдүн өлчөмү Банктын тарифтери менен өзгөртүлгөн болсо, анда сейфти ижарага алуунун мөөнөтү узартылбайт, жана ижаранын мөөнөтү аяктагандан кийин жаңы Келишим түзүлөт.

6.4.11. Ижарачы Сейфтин/Сейфтин же Сейфтин кулпусунун ачкычын жоготуусунда же зыянга учуратуусунда зыяндын орду Ижарачынын Кепилдик төгүмүн кармап калуу жолу менен толтурулат ( Кепилдик төгүмдүн суммасынын жетишсиздигинде Ижарачы кошумча төгүм жасайт).

**Сейфти кайтарып берүүнү кечиктирүү.**

6.5. Төлөөнү кечиктирген учурда Ижарачынын сейфке жеткиликтүүлүгү карызды жапкандан кийин

гана ишке ашырылат.
6.6. Сейфтин ижарасынын мөөнөтү аяктагандан кийин Ижарачы алты айдын ичинде Банкка келбесе, Банк үч адамдан кем эмес курамдагы комиссия менен сейфти ачууга укуктуу.
6.7. Сейфтин ичиндегилер Банктын сактоочу жайына Сейфти ачкан күндөн тартып эсептелүүчү 2 (эки) жылга чейинки мөөнөткө өткөрүлүп берилет жана ал тууралуу Сейфти ачуу Актысы түзүлүп, сейфтин ичиндегилерди Банк тарабынан сактоого кабыл алуусу жөнүндө бөлүгү толтурулат.
6.8. Ижарачынын жок болгон учурудагы Сейфтин ичиндегилерди сактагандыгы үчүн Банктын аракеттеги тарифтерине ылайык төлөм алынат.
6.9. Ижарачынын 2 (эки) жыл ичинде келген учурда, сейфти ижарага алуунун кошумча мөөнөтүнө, Сейфтин ичиндегилерди сактоого жана Сейфти ачууга төлөө күнүнө аракетте болгон тарифтерге ылайык төлөө шартында Сейфтин ичиндегилер Ижарачыга Сейфтин ичиндегилерди кайтарып берүү Актысынын негизинде берилет.
6.10. Ижарачынын 2 (эки) жыл бою жок болуусунда Сейфтин ичиндегилердин андан аркы тагдыры жөнүндө маселе ( сатуунун мөөнөтү, Банктын чыгымдарынын наркынын ордун толтуруу ж.б.) Банк тарабынан өз бетинче, аракеттеги КР мыйзамдарына ылайык чечилет.
6.11. Келишим боюнча Ижарачы өз милдеттерин аткарбаганда/талаптагыдай эмес аткарганда Банк Келишим боюнча Ижарачынын кепилдик төгүмүнүн суммасынан карызын кармап калууга укуктуу ( Кепилдик төгүмдүн суммасы жетишкерлик эмес болсо, Ижарачы кошумча төгүм жасайт).

**Тараптардын укуктары жана милдеттери**

6.12. **Банктын милдеттенмелери:**
6.12.1. Кардардын арызына кол коюлгандан, ижара акысы жана кепилдик төгүм төлөнгөндөн кийин, Банк Ижарачыга Сейфти колдонуу үчүн 1 даана ачкычты берет.
6.12.2. Сактоочу жайды сутка бою кайтарууну жүргүзөт.
6.12.3. Сейфти оң абалда кармап турат.
6.12.4. Сейфти пайдаланууга укугу жок үчүнчү тараптардын кандайдыр –бир зыян келтирүүсүнөн Сейфти коргойт.
6.12.5. Ижарачынын жумушунун режимине ылайык Ижарачыга же анын ишенимдүү адамына Сейфке тоскоолдуксуз жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.
6.12.6. Ижарачыга же анын ишенимдүү адамына Сейфке жекече жеткиликтүүлүктү жана сактоо предмети менен конфиденциалдуу иштөө мүмкүнчүлүгүн түзүү.
6.12.7. Ижарачынын же анын ишенимдүү адамынын Сейфке ар бир келүүсүн белгилеп туруу.
6.12.8. Өзгөчө учурларда ( өз бети менен кыймылдоого мүмкүнчүлүгү болбогондо ж.б.) Сактоочу жайга коштоп жүргөн адамды киргизүү максатында, Келишим боюнча /Ижарачынын ишенимдүү адамы болбогон жакты Ижарачынын коштоп жүрүүчү адам катары сейфке жеткиликтүүлүгүн ишке ашыруу.Бул үчүн Ижарачы себептерин жана паспорттук маалыматтарын көрсөтүү менен арыз жазат. Коштоп жүргөн адамдын Сакточу жайга жеткиликтүүлүгүнө анын өздүгүн тактоочу документи болгон учурда гана руксат берилет.
6.12.9. Өз күчү менен же Ижарачынын эсебинен үчүнчү жактарды тартуу менен Ижарачынын күнөөсү аркылуу жол берилген Сейфтин бузулушунда, ошондой эле Сейфтин Банктын күнөөсү боюнча бузулган учурунда өзүнүн эсебинен ремонттоо жумуштарын жүргүзөт.
6.12.10. Үчүнчү жактарга Ижарачынын өзү, анын Сейфинин номуру, ошондой эле Сейфти ижарага алуунун фактысынын өзү жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарбоо.
6.12.11. Ижарачыга Сейфтин ижара мөөнөтү аягына чыккандан кийин Ижарачы келишим боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарган учурда кепилдик төгүмдү кайтарып берүү.
6.13. **Банктын укуктары:**
6.13.1. Ижарачы өз милдеттенмелерин аткарбаган учурда бир тараптуу тартипте келишимди бузууга жана эгерде Ижарачы Сейфти келишимдин шарттарын бузуу менен пайдаланган болсо, Банктын чыгымдарынын ордун толтурууну талап кылууга.
6.13.2. Ижарачы сейфтин ачкычын,жоготкондо же Сейфтин кулпусун же Сейфти зыянга учуратканда кепилдик төгүмдү эсептен акцепттик эмес тартипте чыгыштоого.
6.13.3. Сейфти талаптагыдай эмес максатта пайдалануу боюнча күмөн саноолор пайда болгон учурда Ижарачыга Сейфтин ичиндегилерин көрсөтүүсүн талап кылууга же Ижарачынын Сейфти максаттуу пайдаланып жаткандыгына текшерүүнү жүргүзүүгө. Ижарачы Сейфтин ичиндегилерди көрсөтүүдөн баш тарткан учурда Банк түзгөн комиссиянын катышуусунда акт түзүү менен сейфти ачууга укуктуу.
6.13.4. Ижарачы Келишим боюнча өз милдеттемелерин аткаруудан баш тарткан учурда, сейфти сактоочу жайга жеткиликтүүлүгүн чектөө менен бул Келишим боюнча өз милдеттемелери Ижарачы толук аткарганга чейин Ижарачыга Сейфтин ичиндегилерди бербөөгө.
6.13.5. Сейфти максаттуу пайдаланууну бузуулар аныкталган учурда “Сейфтин ичиндегилерди жок кылуунун актысынын” негизинде Сейфтин ичиндегилерди жок кылат жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдары менен белгиленген учурларда “Сейфтин ичиндегилерди өткөрүп берүү

актысынын” негизинде компетенттүү органдарга өткөрүлүп берилет.
6.13.6. Банкка кылмыштык ишмердикке, кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (изин жашыруу) каршы аракет кылуу максаттарында мониторингди жүргүзүүгө зарыл болгон бардык документтерди жана маалыматтарды Ижарачыдан талап кылууга укуктуу. Банк кардардын жана анын ишенимдүү адамдарынын (алар болсо) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык идентификациялоо жана верификациялоо жол-жоболорун өткөрөт. Банк сейфти кардарга жана анын ишенимдүү адамдарына (алар болсо)анонимдүү жана идентификациялоосу жок жана бенефициардык менчик менчик ээси ( пайда табуучунун) маалыматын көрсөтпөгөн учурда берүүгө укугу жок.
6.13.7. Ижарачы үч банктык күндүн ичинде Банкка жогоруда көрсөтүлгөн документтерди берүүгө жана ошондой эле бардык өзгөрүүлөр боюнча Банкты кабардар кылууга милдеттүү. Башкача болгон учурда Банк сейфти ижарага алуу келишимин бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу.
6.13.8. Ачууну жүргүзүүгө, анын ичинде сейфти пайдалануу боюнча эрежелерди бузгандыгына байланыштуу, ошондой эле сейфте сакталып турган заттарды тинтүү жана алып чыгуу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Банктын комиссиясынын көзүнчө укук коргоо органдарынын талабы боюнча бул заттарга камак салууга. Сейф “Сейфти кайтарып берүүнүн мөөнөтүн өткөрүү” бөлүгүндө баяндалган тартипте ачылат.
6.14. **Ижарачынын милдеттери:**
6.14.1. Банкка кайрылган ар бир учурда КР мыйзамдарына ылайык өздүгүн күбөлөндүрүүчү документти көрсөтүү.
6.14.2. Банктын кассасына кепилдик төгүмдүн суммасын Банктын тарифтери белгилеген өлчөмдө, ошондой эле ижаранын бардык мөөнөтүнө ижара акысынын суммасын төгүү же төлөп тапшырмасы менен эсепке которуу.
6.14.3. Банк талап кылган кылмыштык ишмердикке, кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (изин жашыруу) каршы аракет кылуу максаттарында мониторингди жүргүзүүгө жана ошондой эле кардардын жана анынишенимдүү адамдарынын (эгер болсо) идентификациялоону жана верификациялоону жүргүзүү үчүн зарыл болгон бардык документтерди жана маалыматтарды үч күндүн ичинде көрсөтүү, жана Банкты бардык өзгөрүүлөр жөнүндө кабардар кылуу.
6.14.4. Банктын кызматкеринин катышуусунда ачкыч жана Сейф оң абалда экендигине жана багытталышы боюнча пайдаланууга боло тургандыгына жеке ынануу. Ижарачыга ачкычты жана сейфти өткөрүп бергенден кийин алардын бузуктугу жөнүндө дооматтар кабыл алынбайт.
6.14.5. Сейфти максаттуу багытына жараша пайдалануу.
6.14.6. Сейфтин абалынын начарлоосуна, ачкычтын жана Сейфтин кулпусунун зыянга учуроосуна жол бербөө. Бардык бузулуулар жөнүндө Ижарачы Банкты дароо кабардар кылат.
6.14.7. Сейфтин ачкычын сактоо жана аны ишеним кат боюнча Ижарачынын өкүлүнөн башка жактарга бербөө. Ачкычты жоготууда же анын зыянга учуроосунда кулпунун ачкычтарын жоготуу жана Сейфти ачуу тууралуу Банкка дароо кат жүзүндөгү арыз менен кабарландырат. Сейфти арыз боюнча ачуу Ижарачынын катышуусунун шартында жана Сейфтин кулпусунун ачкычын жоготкондугу үчүн тарифтерге ылайык зыяндын ордун төлөгөндөн кийин ишке ашырылат. Эгерде мөөнөтүнөн ашып кетүү арызды бергенден кийин орун алса, бирок Сейфти ачуу жүргүзүлбөгөн болсо, ар бир мөөнөтү өткөн күн үчүн Банктын суткалык тарифине ылайык Ижарачы ижара акысын төлөп берүүгө милдеттүү.
6.14.8. Эгерде ачкычты жоготуудан же Сейфти зыянга учуратуудан Банкка келтирилген зыяндын суммасы кепилдик төгүмдүн суммасынан ашык болсо, анда Ижарачы Банкка зыяндын суммасы менен кепилдик төгүмдүн ортосундагы сумманын айырмасын Кабарландыруу түрүндөгү дооматты койгон күндөн тартып 10 күндүн ичинде төлөп берүүгө милдеттүү.
6.14.9. Сейфти пайдаланууда Депозитарийдин жумушкерлеринин сунуштамаларын аткаруу.
6.14.10. Сейфти ижарага алуунун акыркы календардык суткалары аяктаганга чейин сактоонун предметин алып чыгып, ачкычты Депозитарийдин жумушкерине берүү.
6.14.11. Сейфти бошотуунун мөөнөтүн өткөрүп жиберген учурда Банктын тарифтери менен бекитилген өлчөмдө Банктын суткалык тарифтерине ылайык Сейфти пайдалангандыгы үчүн толук көлөмдө ижара акысын төлөө.
6.14.12. Ушул Келишимдин 3 –бөлүгүндө көрсөтүлгөн тизмеге ылайык, Банктын жекече сейфтеринде (чөнөктөрүндө) тыйуу салынган заттарды сактабоо.

6.15. **Ижарачынын укуктары:**
6.15.1. Келишимди каалаган убакта бузуу жана Банкка сейфти жана анын ачкычын тапшыруу, бул учурда алдын ала төгүлгөн ижара акысы кайтарылып берилбейт;
6.15.2. Сейф менен түздөн-түз же ишенимдүү жак аркылуу пайдалануу ( сейфтин ичиндегилер менен операцияларды жүргүзүүгө болгон ишенимдүү жактын укуктары мыйзамдардын талаптарына ылайык толтурулган Ишеним кат менен тастыкталат).
6.15.3. Келишимден келип чыккан маселелер боюнча кеңештерди алуу.

## 7. Бул келишимдин аракет мөөнөтү, аны бузуунун тартиби

7.1. Бул Келишим Банк жана Кардар түзгөн күндөн тартып күчүнө кирет жана жекече банктык чөнөктөрдө баалуулуктарды сактоо кызматтарынан башка, Банктын жана/же Кардардын демилгеси менен бузганга чейин аракетте болот.

7.2. Келишимдин аракетин токтотууга негиз болуп Банк белгилеген формадагы Кардардын арызы эсептелет.

7.3. Кардардын ушул Келишим менен каралган милдеттенмелерин аткарбаган учурда Кардарга тиешелүү кат жүзүндөгү кабарландырууну жиберүү жолу менен бул Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу, Банк кайтарылып берилбеген Карталарды блоктоону жүргүзөт.

7.4. Бул Келишимди бузууда:

- Картаны тейлөө үчүн Кардар төлөгөн сыйакы кайтарылбайт;

Эсеп боюнча акча каражаттарынын калдыгы Кардарга “Евразия Сактык Банкы” ААКунун кассасынан накталай берилет же Кардардын кат жүзүндөгү көрсөтмөсүнө ылайык Карта боюнча тиешелүү операцияны жүргүзүү үчүн комиссияны Банктын чыгыштоосу менен Кардар көрсөткөн кайсы болбосун банктык эсепке чегерилет.

7.5. Кардар бул жөнүндө Келишимди бузуунун болжолдонуп жаткан күнүнө чейин 30 күн мурда Банкты кабардар кылуу менен, ушул Келишим боюнча Банк менен толук эсептешкенден жана Сейфтин ачкычын кайтарып бергенден кийин Келишимди каалаган убакта бузууга укуктуу. Кардардын Банк алдында карызы жок болсо, аванс катары төгүлгөн төлөм кайтарылып берилбейт.

7.6. Эгерде Кардар ушул Келишимди бузгандан кийин 10 күндүн ичинде сейфтин ачкычын тапшырбаса, анда Банк өзүнүн кароосу менен ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында каралган аракеттерди жасайт.

- Сейфти пайдалангандыгы үчүн төлөм жана башка төлөмдөр боюнча карызды жаппаган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин Кардар сейфти ачуу жана салынган Предметтерди алып салуу мүмкүндүгү жөнүндө кат менен кабарландырылат ( жеткирүү жөнүндө кабарландыруусу бар). Катты алгандан 10 күн өткөндөн кийин Кардар тарабынан карызды жойууга багытталган кандайдыр –бир аракеттер болбогондо, Банк Банкта каралган жол-жоболорго ылайык, салымдын Предметин мөөр менен бекитип жана банктын атайын бөлүнгөн сакточу жайына сактап, Сейфти Кардардын катышуусуз талкалоо жолу менен ачууну жүргүзүүгө укуктуу.
- Сейфтик чөнөктүн ичиндегилер каттоодон өткөрүлөт, пакетке салынат, чапталат жана Банктын Сактоочу

жайында сакталат.

- Кардардын же анын мураскорлорунун сейфтик чөнөктүн ичиндегилерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген мөөнөттүн ичинде талап кылбаган учурда, сейфтик чөнөктүн ичиндегилер Банктын кирешесине катталат.

## 8. Тараптардын жоопкерчиликтери.

8.1. Бул Келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбоосу же талаптагыдай эмес аткаруусу үчүн Тараптар Банктын ички эрежелерине жана ушул Келишимге ылайык, ал эми аларда каралбаган учурларда, Кыргыз Республикасынын аракттеги мыйзамдары белгилеген тартипте жоопкерчиликтүү болушат.

8.2. Тараптар ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди бузгандыгы үчүн өз ара жоопкерчиликти күнөөлүү Тараптын күнөөсү болгон учурда реалдуу зыяндын өлчөмүндө гана тартышат.

8.3. үчүнчү жактардын Интернет –банкингге руксатсыз кирүүсүнүн аркасында пайда болгон зыян үчүн жоопкерчилик күнөөлүү тарапка жүктөлөт.

8.4. Банк тарабынан өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарган учурда, ушул келишимге ылайык, Банк Кардардын банктык эсебинен жүргүзүлгөн руксатсыз төлөмдөр үчүн жоопкерчиликтүү болбойт.

8.5. Кардар Интернет/Мобилдик-Банкингдеги коопсуздук, ишенимдүүлүк жана паролду мезгилдүү алмаштыруу үчүн жоопкерчиликтүү болот.

8.6. Кардар убактылуу паролду алмаштыргандан кийин, Банкта Кардардын паролу тууралуу маалымат болбойт, банктын системасында Кардардын паролу чагылдырылбайт, ошого байланыштуу Банк Кардардын иштеп жаткан паролун киргизүү менен жүргүзгөн банктык операциялары үчүн жооп бербейт. Кардар паролду үчүнчү жакка бергендиги үчүн жоопкерчиликтүү болот, ошондой эле ошонун натыйжасында пароль үчүнчү жактарга белгилүү болуп калган аракеттер үчүн дагы.

8.7. Эгерде Кардар төлөмдүн реквизиттерин туура эмес көрсөтсө, ошондой эле Кардардын төлөмдү кайтарып берүү боюнча сурамы учурунда Банк төлөмдү кайтарып берүүнү кепилдебейт жана жоопкерчиликтүү болбойт.

8.8. Кардар төлөмдөрдүн туура толтурулушу боюнча жоопкерчиликтүү болот, анын ичинде реквизиттердин тууралыгы жана толуктугу, жөнөтүүнүн ыкмасын көрсөтүү (клиринг, гросс) валюталоонун күнү жана башкалар боюнча жоопкерчиликтүү болот.

8.9. Банк Сейфтин ичиндегилердин сакталышына жоопкерчиликтүү болбойт, келишим менен

каралган сейфке жеткиликтүүлүк бузулган учурлардан башка.
8.10. Ижарачы Сейфти максаттуу эмес мүнөздө пайдаландыгына байланыштуу бардык чыгашалардын, ошондой эле Сейфтин жана кулпунун конструкциясындагы техникалык зыянга учуроосунун, Сейфтин ачкычын жоготуунун, кулпуну жана ачкычты алмаштыруунун, Сейфти ачуунун натыйжасында келип чыккан бардык чыгашалардын ордун толтурат.
8.11. Ижарачынын сейфтин (чөнөктүн) ачкычын жоготуусун жөнүндө өз убагында кабарлабаган учурда Ижарага берүүчү Сейфке салымдардын сакталышына жооп бербейт.
8.12. **Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:**
8.12.1. Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык банктык жашыруун сырды ачыктагандыгы үчүн;
8.12.2. Банктын күнөөсү менен эсеп боюнча жаңылыш жүргүзгөн операцияга. Банктын бул учурдагы жоопкерчилиги жаңылыш жүргүзүлгөн операцияны жокко чыгаруу менен чектелет.
8.13. **Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болбойт:**
8.13.1. Картаны тейлөөдө үчүнчү жактын баш тартуусунда;
8.13.2. Картаны колдонуу менен сатып алынуучу товарлар менен кызматтарга;
8.13.3. Кардардын кызыкчылыктарына каршы келе турган, үчүнчү тараптар белгилеген Карта боюнча лимиттер, чектөөлөр жана кошумча сыйакылар ( кызыкчылыктар).
8.13.4. Жоготкон/уурдаткан Картаны Блоктоо жөнүндө талап менен Кардардын Банкка убагында эмес кайрылгандыгынын кесепетинен;
8.13.5. Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча кабыл алууну, иштеп чыгууну жана маалыматтарды берүүнү камсыз кылуучу системалардын ишиндеги үзгүлтүктөр менен байланышкан кырдаалдар;
8.13.6. Интернет аркылуу бардык операцияларды жүргүзүүгө жеткиликтүүлүктүн мүмкүн болуучу терс кесепеттери, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен: Интернет аркылуу Карта боюнча үчүнчү жактардын руксатсыз операцияларды өткөрүүнүн коркунучу;
8.13.7. Картаны жоготуу, уурдатуу же аны башка мыйзамсыз пайдалануу учурундагы Картаны блоктоого чейинки операциялар;
8.13.8. Алар боюнча эсептешүү Картаны блоктоо моментине чейин жүрө турган Картаны блоктоо моментине чейин жүргүзүлгөн операциялар үчүн.
8.13.9. Кардардын реквизиттерин фактылык алмаштыруу мезгилинде, реквизиттерди алматыруу жөнүндө кабарландырууга чейин Келишимге ылайык маалымат Кардарга анын эски реквизиттери боюнча берилет.
8.14. **Кардар төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:**
8.14.1. жоготулган/уурдатылган Картаны Блоктоону талап кылуу менен өз убагында кайрылбагандыгы үчүн;
8.14.2. Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына жана ушул Келишимге ылайык эсепке жаңылыш же ашыкча түшкөн акча каражаттарын Банкка кайтарып бербегенде;
8.14.3. Банктын комиссияларын эске алуу менен Руксат берилбеген төлөмдүн суммасында Кардардын Картасын пайдалануу менен жүргүзүлгөн үчүнчү жактын руксатсыз төлөм жүргүзүүсүндө;
8.14.4. эгерде Кардар Картаны берип, коддук сөздү жана/же ПИН-кодду жана/же CVV2 текшерүү кодун үчүнчү жакка ачыкка чыгарган учурда төлөмдү жүргүзүүсү үчүн;
8.14.5. аткарылган Карталык операциялар, анын ичинде Картаны, анын аналогун же Картанын реквизиттерин пайдалануу менен үчүнчү жактар тарабынан аткарылгандар үчүн.
8.14.6.Кардардын ушул Келишимдин шарттарын бузуусунда;
8.14.7. Интернет аркылуу бардык операцияларды жүргүзүүгө жеткиликтүүлүктүн мүмкүн болуучу терс кесепттери, анын ичинде, бирок чектелбестен: Интернет аркылуу төлөм Картасы боюнча үчүнчү жактардын руксат берилбеген операциялар коркунучу.
8.14.8. эгерде Кардар Картанын сакталышы боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгынын же талаптагыдай эмес аткаргандыгынын кесепетинен коддук сөздү, жана/же ПИН-кодду, жана/же үч белгилүү CVV2 –(мындан ары- ПИН код жана/же CVV2 - “Картанын Реквизиттери”) ачыкка чыгаргандыгы жана жүргүзүлгөн операциянын аймагына карабастан. Үчүнчү жактардын картаны реквизиттерине жеткиликтүүлүккө жол бербөө үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды кабыл албагандыгы үчүн Кардардын күнөөсү менен Банк тарткан чыгымдар жана соттук чыгымдоолор, Банкка келтирилген чыгашалардын толук көлөмүндө.
8.14.9. алынган бирок төлөнбөгөн товарлар жана кызматтар үчүн Банкка акчаларды кайтарып бербөө – төлөнбөгөн товарлар жана кызматтардын суммасынын өлчөмүндө.
8.15. Кардар тарабынан ушул Келишимде көрсөтүлгөн Банктын талаптарынын бирөөнү мөөнөтүндө аткарбаган учурда, Банк ушул Келишимди аткарууга байланышкан карыздын суммасын Кардардын эсептеринен сом менен же Банкта турган чет өлкөлүк валюта менен чыгыштоого, ошондой эле карызды өндүрүү жол-жобосун баштоого укуктуу. Мындай юридикалык жол-жоболор боюнча бардык

чыгымдар Кардар тарабынан кабыл алынып, төлөнөт.
8.16. Банк Картанын Реквизиттерин ачыкка чыгаруусу боюнча Кардардын аракетинин аткарылышын далилдөөгө милдеттүү эмес.

## 9. Кабарлоолор жана кабарландыруулар

9.1. Байланыш каналдары ( электрондук почта) боюнча алынган, ошондой эле Банктын сайтында жайгаштырылган, кагаз алып жүрүүчүдө жөнөкөй жазуу формасында аткарылган документтер менен катар, ушул Келишимдин же мыйзамдардын талаптарынын аркасында документтерди кагаз алып жүрүүчүдө толтуруу милдеттүү болгон учурлардан башка, текстердин юридикалык күчүн сөзсүз түрдө таанышат деп Тараптар макулдашат.
9.2. Тараптардын реквизиттери катары ушул келишимде көрсөтүлгөн электрондук почтанын даректерине же Банктын сайтында жайгаштыруу жолу менен алынган бардык кат алышуулар, кабарлоолор жана кабарландыруулар адресатка талаптагыдай формада жеткирилген катары эсептеле тургандыгына Тараптар сөзсүз түрдө макул болушат.
9.3. Тараптар алардын электрондук почтасынын даректерине келип жаткан корреспонденцияны өз убагында текшерип турууга милдеттүү. Банк ушул Келишимге тиешелүү сайттагы маалыматты өз убагында жаңыртып турууга, ал эми Кардар – жаңыртууларга көз салууга милдеттүү.
9.4. Ушул Келишимдин талаптарын сактабагандыктын аркасында келип чыккан жагымсыз кесепеттерге байланыштуу бардык коркунучтарга мындай бузууларга жол берген Тарап жоопкерчиликтүү болот.

## 10. Форс-мажор

10.1. Тараптар жеңилгис күчтүн жагдайларынын аракетинин учурунда Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандагы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.
10.2. Жеңилгис күчтүн жагдайлары катары берилген шарттардагы Тараптардын Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарууга тоскоолдук жасай турган өзгөчө жана жеңилгис жагдайлар эсептелет. Аларга ушундай деп расмий таанылган райондордо болуп жаткан табигый кырсыктар жана көрүнүштөр ( жер титирөөлөр, суу ташкындары, өрттөр ж.б.) коомдук турмуштун жагдайлары ( согуштук аракеттер, өзгөчө кырдаалдар, өтө ири иш таштоолор, эпидемиялар ж.б.) түздөн-түз ушул Келишимдин предметине тиешелүү болгон ишмердикке тыйуу салуучу же чектөө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу жана/же аткаруу бийлигинин органдарынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын аракеттери кирет. Бул мезгилдин жүрүшүндө Тараптар бир-бирине дооматтары болбойт жана форс-мажордук жагдайлардын коркунучун Тараптардын ар бири өзүнө алат.

## 11. Талаш-тартыштарды чечүүнүн тартиби

11.1. Банк менен Кардардын ортосунда ушул Келишимди ишке ашыруунун жүрүшүндө чыгуусу мүмкүн болгон талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер ак ниеттиктин жана ич ара макулдуктун принциптеринде жөнгө салынышы үчүн Тараптар бардык зарыл болгон чараларды көрүшөт.
11.2. Банк менен Кардардын ортосундагы талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө чечилбесе, анда алар Кыргыз Республикасынын сот органдарына кароого жөнөтүлүшү мүмкүн.
11.3. Бул Келишим менен каралбаган бардык калган учурларда Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алышат.
11.4. Бул Келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат. Ушул Келишим менен байлнышкан же пайда болгон бардык талаш-тартыштар, анын ичинде, бул Келишимди түзүүгө, бузулушуна, токтотууга, бузууга же жарактуу эместигинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилүүгө жата тургандыгына Тараптар макул болушат жана моюнга алышат.